**Владимир Ильич Ленин**
**атындагы №2 орто мектеби**

# *64. Протокол*

**Өзгөн шаары 2022-жыл**

В.И.Ленин атындагы №2 орто мектептин педагогикалык жамааттын
жана 8-9-10-11-класстардын ата- энелери менен өткөрүлгөн чогулуштун

ПРОТОКОЛУ

Өзгөн шаары 10-ноябрь.2021-жыл

Катышкандар: 234 ата-эне жана мугалимдер

Президиум мүчөлөрү:

1. Б.М.Абилкасымов Мектеп диретору
2. Р.Д.Мамаджанова Тарбия иштер боюнча директордун орун басары
3. Г. Шакирова Соцпедагог
4. Бакыт Жороев Жаш өспүрүмдөрдүн участкалык инспетору
5. А. Хоринов Ата-энелер комитетинин төрагасы

Күн тартибинде:

1. Мектеп окуучуларынын арасында кылмыштуулуктун, зордук-зомбулук, түрдүү наркотикалык препраттарын колдонуудан сактоо, алдын алуу жана балдардын укуктары, милдеттери, ата-эненин милдетти.
2. Балдарды кошумча окутуу
3. Түрдүү маселелер

Чогулушту мектеп директору Б.М.Абилкасымов ачып, чогулуштун максаты жана анын жүрүшү тууралуу сөз сүйлөдү. Директор өз сөзүндө кылмыштуулукту алдын алуу жана кылмыш кылган окуучуларга жаш курагын эске албастан жоопко тартуу керектигин, балдарды оор жумушка иштөөсүнө тыюу салынганын, алардын укуктары жөнүндө маалымат берди. Азыркы күндө окуучулар мектепке чип менен келип-кетиши. Чип- бул окуучулардын сабакка келип кетүүсүн, сабакка жетишүүсүн көрсөтүп берүүчү программа. Бала мектептен чыккандан кийин , анын коопсуздугу ата-эненин милдетинде экендигин түшүндүрүп өттү. О.Э. окуучулар арасында кылмыштуулук, рэкетчилик, суицид сыяктуу, адам өмүрүнө коркунуч жараткан окуяларды алдын алуу керек экенин баса белгиледи.

Жарыш сөзгө: Т.Розиев сөзгө чыгып, мектептин шартына ылайык ата-энелердин демөөрүчүлүгү менен ар бир класска видео көзөмөлдөрүн орнотуп берүү керектигин сунуштады. Окуучулардын сабактагы абалын көзөмөлдөө, сабакка канча окуучу катышты, ким катышпады текшерип туруу үчүн да, коопсуздук үчүн да бул нерсе керектигин айтып өттү.

Угулду: Жаш өспүрүмдөрдүн учаскалык инспектору Бакыт Жороев окуучулардын арасында болуп жаткан кылмыштуулук, наркомания жөнүндө кеп козгоду. Фактыларга таянып кылмыш кылган окуучулар кандай жоопкерчиликке тартылаарын, О.Э. ата-энелердин жоопкерчилиги жөнүндө айтып өттү. Мындан сырткары окуучулар мектепке телефон көтөрүп келүүгө тыюу салуу керектигин айтты.

Күн тартибиндеги экинчи маселе бонча окуучуларды олимпиадаларга катышууда, ЖРТ даярдоодо ата-энелер көбүрөөк кызыкдар болуу керек экендиги баса белгиленди.

Жарыш сөзгө мектеп мугалими Д.Мырзапаязова ЖРТ боюнча өз сунушунда окуучулардын сабакка, кошумча курстарга активдүү катышууга ата-энелер көбүрөөк көнүл буруш керектигин айтты.

Күн тартибиндеги маселени карап ата-энелер чогулушу төмөндөгүдөй

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Чогулушта айтылган ар бир сунуш-пикирлер жетекчиликке алынсын.

2. Окуучулар жана ата-энелер менен иш жүргүзүү класс жетекчилерге, мектептин соцпедагогго милдеттендирилсин
3. Ата-энелердин демөөрүчүлүгүнүн негизинде күзөтүү камераларын уюштуруу
4. Мектепке телефон көтөрүп келүүгө тыюу салынсын
5. Окуучулардын кошумча билим алуусуна ата-энелер тарабынан шарттар түзүлсүн
6. Кылмыштуулукту алдын алуу, алардын жүрүм-туруму ата-энелерге милдеттендирилсин
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө мектептин соцпедагогу Шакирова Гүё Турсунбаевнавага жүктөлсүн

Мектеп директору: Б.Абилкасымов

Катчы: Н.Жумуева